жүргүзүлгөн талкуу жана жазуу иштеринде окуучулар өз ойлорун так жана аргументтүү билдирүүгө үйрөнүшөт. Сабакка жүйөлүү катышуу жогорулап, өз алдынча ойлонуу жөндөмү өнүгөт. Мугалимдин туура багыттоосу менен накыл сөздөр чыгармачылыкка жана адамдык сапаттардын калыптанышына жол ачат. Демек, бул усул заманбап сабактарда кеңири колдонулууга тийиш.

Накыл сөздөрдү колдонуунун дагы бир маанилүү жагы — улуттук маданиятты сактап калуу жана ага урматтоо сезимин калыптандыруу. Ар бир макал же лакап сөз кыргыз элинин акыл-насаатын, тажрыйбасын жана жашоо философиясын камтып турат. Бул сөздөрдү үйрөнүү менен окуучулар өз тилине жана элдик мураска сый-урмат менен мамиле кылганды үйрөнүшөт. Натыйжада, накыл сөздөр жөн гана окуу куралы эмес, тарбиялык жана таанып-билүүчүлүк мааниси зор маданий байлык болуп саналат. Ошондуктан ар бир кыргыз тили сабагында накыл сөздөрдү максаттуу жана натыйжалуу колдонуу зарыл.

Колдонулган адабияттар

1. Абдыкалыкова А. А., Мамбетова Р. Р. Кыргыз тил илиминин башаты: И. Арабаев, К. Тыныстанов, Т. Актанов // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – Бишкек, 2024. – 489–495-бб.
2. Абдыкалыкова А. А. К. Тыныстановдун эмгектеринде кыргыз тилинин теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек, 2016.
3. Карасаев К. Накыл сөздөр. – 1-китеп. – Фрунзе, 1982; 2-китеп. – Фрунзе, 1987.
4. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Бишкек : Турар, 2009. – 488 б.
5. Чыманов Ж. А. Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун методологиясы. – Бишкек, 2015.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Аскар кызы Ж.

УДК: 82-3\504-5
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-107-112

Жусуева С.К.
Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университети
Жусуева С. К.
Кыргызско-Узбекский международный университет имени Б. Сыдыкова
Zhusueva S. K.
Kyrgyz-Uzbek International University named after B. Sydykov

АЙТМАТОВДУК КОНЦЕПЦИЯДАГЫ МИФТИК АҢ-СЕЗИМ ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК ДҮЙНӨТААНЫМ («АК КЕМЕ» ПОВЕСТИНИН НЕГИЗИНДЕ)
МИФОЛОГИЧЕСКОЕ СОЗНАНИЕ И ЭКОЛОГИЧЕСКОЕ МИРОВОЗЗРЕНИЕ В АЙТМАТОВСКОЙ КОНЦЕПЦИИ (НА МАТЕРИАЛЕ ПОВЕСТИ «БЕЛЫЙ ПАРОХОД»)
MYTHOLOGICAL CONSCIOUSNESS AND ECOLOGICAL WORLDVIEW IN AITMATOV'S CONCEPT (BASED ON THE NOVELLA «*THE WHITE SHIP*»)

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун «Ак кеме» повестиндеги мифтик аң-сезим менен экологиялык дүйнөтаанымдын өз ара байланышына илимий талдоо жүргүзүлөт. Чыгармадагы миф менен реалдуулуктун айкалышы адам менен жаратылыштын гармониясын сактоонун көркөм-философиялык модели катары каралат. Айтматовдук концепцияда жаратылыш руханий баалуулук жана адамдык абийирдин булагы катары чечмеленет. Автор экологиялык идеяларды баланын дүйнөтаанымы аркылуу ачып, руханий тазалыктын жана жаратылышка аяр мамиленин маанисин белгилейт. Макаланын негизги өзөгүн экологиялык кризис шартында көркөм адабияттын гуманисттик миссиясын аныктоо түзөт.

Аннотация: В данной статье проводится научный анализ взаимосвязи мифологического сознания и экологического мировоззрения в повести Чингиза Айтматова «Белый пароход». Сочетание мифа и реальности в произведении рассматривается как художественно-философская модель сохранения гармонии между человеком и природой. В айтматовской концепции природа осмысливается как духовная ценность и источник человеческой совести. Автор раскрывает экологические идеи через мировосприятие ребёнка, акцентируя внимание на значении духовной чистоты и бережного отношения к природе. Основное содержание статьи заключается в выявлении гуманистической миссии художественной литературы в условиях экологического кризиса.

Abstract: This article provides a scholarly analysis of the interrelation between mythological consciousness and ecological worldview in Chingiz Aitmatov's novella *The White Ship*. The combination of myth and reality in the work is examined as an artistic and philosophical model for preserving harmony between humans and nature. In Aitmatov's concept, nature is interpreted as a spiritual value and a source of human conscience. The author reveals ecological ideas through the child's perception of the world, emphasizing the importance of spiritual purity and a careful attitude toward nature. The main focus of the article is to identify the humanistic mission of literature in the context of the ecological crisis.

Негизги сөздөр: мифтик аң-сезим; экологиялык дүйнөтааным; адам менен жаратылыштын гармониясы; гуманисттик идея; руханий тазалык; миф жана реалдуулук; экологиялык дискурс.

Ключевые слова: мифологическое сознание; экологическое мировоззрение; гармония человека и природы; гуманистическая идея; духовная чистота; миф и реальность; экологический дискурс.

Keywords: mythological consciousness; ecological worldview; harmony between humans and nature; humanistic idea; spiritual purity; myth and reality; ecological discourse.

XXI кылымдагы адамзаттык өнүгүүнүн негизги көйгөйлөрүнүн бири — табият менен адамдын ортосундагы гармониянын бузулушу жана экологиялык аң-сезимдин начарлашы. Мындай глобалдык кризис шартында көркөм адабияттын миссиясы — жаратылыш менен адамдын руханий байланышын кайрадан аңдатуу жана адамзаттын жоопкерчилигин эстетикалык деңгээлде ойготуу. Ушул өңүттөн алганда, Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары өз мезгилинен ашкан гуманисттик жана экологиялык мааниге ээ болуп, дүйнөлүк адабиятта табият менен адамдын биримдигин философиялык деңгээлде чагылдырган өзгөчө концепцияны түзөт.

Айтматовдук концепция — жаратылышты жөн гана фон катары эмес, руханий жана мифтик дүйнөнүн ажырагыс бөлүгү катары кабылдаган көркөм система. Жазуучунун чыгармаларындагы мифтик аң-сезим адамдын ички дүйнөсүн, анын жаратылыш менен болгон ыйык байланышын ачып, экологиялык дүйнөтаанымдын көркөм моделин жаратат. Миф аркылуу берилген символдор, уламыштар жана легендалар адам менен табияттын ортосундагы бузулган гармонияны көрсөтүп гана тим болбостон, ошол трагедиянын философиялык жана моралдык тамырларын да терең аңдатат. Айтматовдун жазуучулук философиясы адамдын улуулугу жана жаратылыштын түбөлүктүүлүгү жөнүндө реалдуу ой жүгүртүп, аларга баа бергендиги менен өзгөчөлөнөт.

Ошондуктан Айтматовдун чыгармаларындагы мифтик аң-сезим менен экологиялык идеяларды айкалышта изилдөө азыркы экологиялык ой жүгүртүүнүн гуманисттик, маданий жана руханий аспекттерин түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Бул тема бүгүнкү күндө дүйнөлүк экологиялык жана маданий процесстердин контекстинде өзгөчө мааниге ээ болуп, адабият таануудагы актуалдуу багыттардын бири болуп саналат.

Изилдөөнүн максаты — Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы жөн гана көркөм адабият эмес, азыркы доордун глобалдык жана руханий көйгөйлөрүн терең философиялык деңгээлде аңдоонун көрүнүшү экенин көрсөтүү, жазуучунун мифтик аң-сезим жана экологиялык дүйнөтааным аркылуу адам менен табияттын гармониясын сактоого чакырган гуманисттик концепциясын ачып берүү.

Повесттеги негизги каарман Баланын жаратылышты миф аркылуу түшүнүүсү экологиялык сезимдин бала аң-сезиминде кантип калыптанарын көрсөтөт. Ошентип, повесттеги миф менен

реалдуулуктун айкалышы — жөн гана көркөм ыкма эмес, экологиялык идеяны эстетикалык жана руханий тереңдикте ачып берүүнүн жолу. Мифтердин символикалуулугу аркылуу Айтматов коомдук көйгөйлөрдү глобалдык деңгээлге көтөрүп, жаратылыш менен адамдын ортосундагы ыйык мамиленин бузулушун жалпы адамзаттык трагедия катары көрсөтөт.

Кыргыз элиндеги бугу уруусунун генеалогиясы жөнүндөгү санжыра-легенданын негизинде жазуучу тарабынан жаралган жомок-мифологема повесттин образдар системасы менен жуурулушуп, чыгарманын идеялык-эстетикалык касиетин ачуучу каражат катары колдонулат. «Ак кеменин» жарык көрүшү адабий чөйрөдө зор кызыгууну жараткан. Окурмандарды өзгөчө күйгүлтүккө түшүрүп, сынчыларды талаш-тартышка салган негизги маселе — баланын «адамдар» арасында жашагысы келбей, «балык болуп сүзүп кетүүсү». Д. Стариков («Литературная газета». 1970. 1-июль) жана А. Алимжанов («Литературная газета». 1970. 8-июль) өңдүү айрым рецензенттер повестти адамдын көңүлүн чөгөргөн пессимисттик чыгарма катары баалашкан. Баланы интернатка орноштуруу, Момунду пенсияга чыгаруу, Орозкулду камоо тууралуу авторго кеңеш берген окурмандар да болгон.

Акыры талкууга автор өзү да аралашып, чыгарманын жыйынтыгына байланыштуу өз концепциясын, адабияттагы трагизм маселеси тууралуу пикирин мындайча туюндурган: «Ак кемедеги» баланын өлүмү аркылуу мен түк да жамандык-жакшылыкты сүрүп чыгарарын көрсөткөн жерим жок, менин көздөгөн максатым – ак иштин арыбас экендигин ачып берүү, ал үчүн кейипкер өз жанын кыйып болсо да күрөшө тургандыгын көрсөтүү. Албетте, анын канчалык деңгээлде жүзөгө ашты – окуучулар өздөрү аныкташаар. А бирок бир нерсеге акыйкат көзүм жетип турат: жеңиш эч качан сынчылар айткандай Орозкул тарапта эмес, – кыңыр иш качан болсо кыңыр бойдон калат. Ырас, бала мерт болду, бирок анын адамдык абийири, имандык зоболосу бийик бойдон калды» [7].

«Ак кеме» повести жарык көргөндөн кийин чыгарма тууралуу көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Атап айтсак, повесть Г. Гачев, А. Кадырмамбетов, Калык Ибраимов, Касым Кушубеков, Ш. Орзакунов ж.б. изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде каралган.

Окурман Бала үчүн сөзсүз күйгүлтүккө түшөт, себеби табият менен таза, татынакай мамиле түзүп, аны менен достошуп, сырдашып, ал тургай муңдашып, ага бекем ишенип, өзүнүн таза дүйнөсүндө жашаган баланы окуянын акырында жоготууга дуушар болот. Повесттеги окуялар Бала жетиге толуп, сегизге аяк баскан, жакшы менен жаманды айырмалап түшүнүп, келечекке кыялданып, талпынып турган учурду сүрөттөйт. Келечекке талпынган Бала өсүп жетилген жок, ал айланасындагы чакан чөйрөнүн жаратылышка жасаган кыянатынын курмандыгы болуп калды.

Бул чакан чөйрөнү Кордондогу үч үй-бүлө түзөт: Орозкул жана анын жубайы, Баланын таежеси Бекей; Момун таятасы жана өгөй тайенеси; Сейдакмат жана анын жубайы Гүлжамал. Ошентип, Кордон деп аталган бул жерде Бала менен кошо жалпы жети адам жашайт. Мына ушул чөйрөдө өсүп келе жаткан Бала жетилип чоңойгон жок, тескерисинче, жаштайынан жайрады. Мунун себебин жазуучу улуттук уңгуга, эзелки элдик ишеним менен тарбияга, ата-баба салтына жана жаратылышка жасалган кыянаттыкка байланыштуу ачып берет.

«Ак кеме» адегенде аңгеме катары ойлонулуп, 10 барак көлөмүндө жазылган. Авторду өзгөчө анын жыйынтыгы кыйнап, түйшүккө сала бергендиктен, 10 барак 150 баракка чейин кеңейип, аңгеме повестке айланган [1, 328-б.]. Ошондой эле чыгарманын алгачкы аталышы «Жомоктон кийин» болгон. Жазуучу жомок аркылуу дүйнөнү тааныган Баланын таза ишенимин, таятасынан уккан улама-уламыштардын тарбиялык таасирин, тазалыгын жана аруулугун көрсөтүүнү максат кылса керек. Бирок чыгарманын «Ак кеме» деп кайра аталышы негизги ойдун так ачылышына жана анын символикалык маанисинин тереңдешине өбөлгө түзгөн.

«Повестте кошулуп ойноор курбусу жок, жетиге толуп-толо элек Баланын өзүнчө кичинекей дүйнөсү жөнүндө сөз болот. Чоң турмушка, чоңдор дүйнөсүнө аралашууга, аны таанууга ага али эрте, бирок анын өз дүйнөсү бар, ал — табият дүйнөсү», — деп белгилейт окумуштуу Айнура Кадырмамбетова [4].

Бала табияттын жашоосуна кызыгып, анын турмуш-тиричилигин өз алдынча көз алдына келтирет. Ошондуктан анын «жакшы», «жаман», «ачуулуу» чөп-достору бар. «Жакшы көргөн»

шыралжын — анын өзгөчө жакын досу. Эгер бирөөдөн кагуу жеп же кусалык көкүрөгүнө толгондо, эч кимге көрүнбөй ыйлагысы келип, шыралжындын арасына житип кетет да, өпкө-өпкөсүнө батпай солуктап, шыралжындын буруксуган жытынан кере жутуп, каңырыгын жазат [2, 213-б.].

Баланын сырдашы да, муңдашы да — шыралжын. Шыралжындын көлөкөсүндө жатып, анын кыялы канат байлап, келечекке кайрадан талпынат. Табияттын адамга жан шерик экенин мына ушундан баамдоого болот. Ал чырмоок чөптүн «акылына» таң калат, аны сезет, туят. Башка чөптөр эртеби-кечпи, капарына албай өз алдынча өсүп жатса, чырмоок күнгө алгач гүл ачып салам айтканын; күндүн нуру маңдайын жылытканда күлмүңдөп көзүн ачканын; оболу бир көзүн акырын ачып, андан соң экинчи көзүн, кийин калган гүлдөр да биринен сала бири жыбырап ачылганын элестетет. Анын кыялында көз ачкан гүлдөр өз ара сырдашат. Кумурскалар эртең менен чырмоокту бойлой жүгүрүп баратып, күн нуруна көздөрү уялып токтоп калышат да, гүлдөрдүн аңгемесин угушат. Бала гүлдөрдүн эмне жөнүндө сүйлөшүп жатканын ойлоп, балким, алар бири-бирине көргөн түштөрүн айтып жатышкандыр деп элестетет [2, 212-б.].

Баланын экологиялык дүйнөтаанымы ушундайча сүрөттөлүп, окурманга ачылат. Чындыгында, бардык эле балдар табият менен Баладай жакын мамиле түзө бербеси анык. Жазуучу окурманга жаратылыштын жандуу дүйнө экенин ушундай көркөм каражаттар аркылуу таанытат. Ч. Айтматов чыгармаларында жандандыруу ыкмасын ынанымдуу колдонот. Жандуу табият адам сыяктуу сүйлөйт, түш көрөт, сырдашат, ал тургай акылмандык касиетке ээ болот. Муну менен жазуучу Жаратуучунун кудуретин жана күчүн ар түрдүү өңүттөн ачып берет. Ал эми Баланын дүйнөсү ушул гүлдөрдөй ажайып, кооз жана таза. Повесттеги негизги ойлордун бири да — ушул.

Жаратылыш менен адамдын байланышын чагылдырууда көркөм адабияттын изилдөөчүлүк ролу зор. Бул Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында мыкты сүрөттөлгөн. Кыргыз жергесинин ажайып кооздугу, жаратылышынын көп түстүүлүгү жазуучунун сыйкырдуу калеми аркылуу чебер тартылып, айтматовдук полотнолордун сериясын түзүп турат. Ал пейзаждык картиналар өз алдынча турбастан, каармандын мүнөзүн ачууда көркөм фон, психологиялык параллель катары кызмат аткарат [6, 286-б.].

Демек, жетилип келе жаткан Бала жазында жанданып, дүркүрөп өскөн табият сымал. Күздө табият саргайып, өсүүнүн күнү бүткөндөй, Баланын да күнү эрте батат. Бала Момун таятасынын күнүмдүк-эмпирикалык дүйнө чабытында жетилип келе жаткандыктан, табиятка аздек мамиле кылат. Бала үчүн жаратылыш жандуу жана ыйык, кол тийгис дүйнө. Ал жаратылышка аёо, аздектөө сезими менен мамиле кылат. Чыгармада адам менен жаратылыштын мамилеси көркөм-поэтикалык формада таасын сүрөттөлөт. Адабиятчы-окумуштуу А. Муратов адамга экологиялык тарбия ал жаралып, жарык дүйнөгө көз ачкандан тартып берилиши керек деп эсептеп, улуу жазуучу мындай түбөлүктүү теманы көңүл сыртында калтырбаганын белгилеген.

Повестте Баланын жеке тагдыры жөнүндө өгөй таенеси ачык эле айтат: «Баланын издеп алар күйөрү жок, ким жоктоп, ким кейийт». Мындан атасы да, апасы да ага күйбөстүгү, аны издебей тургандыгы тууралуу маалымат алууга болот. Демек, Баланын карманган-тутунганы — Кудайдын мусапыры болгон Момун таятасы. Кээде көкүрөгүнө кусалык толгондо дөбөгө жүгүрүп чыгып, керилген өрөөнгө көз чаптырып бир аз жатса, кусалыгы тарайт. Ал кең дүйнөдөн четте экенин сезет. Баланын кыялында балык болуу сезими башынан эле пайда болгон. Таятасы тосмо тосуп берген күндөн тартып көзүн жумбай сууга чумкуп, балыктар сууда көзүн жумбашы керектигин ойлоп, бир күнү балык болуп сууда сүзүп кетерин кыялданчу. «Балык болуп кубулгуча түшө бергиси келет. А болуп сүзүп кетиш — көктөн эңсегени, суудан тилегени...» [2, 236-б.].

Р. Гамзатов менен болгон маегинде «Деги повесть эмне жөнүндө?» деген суроого автор: «Ыйман (абийир, уят, совесть) жөнүндө, бала кезде адам ыйманынын түйүлдүгү жаралаары жана анын кийинки инсандык наркы ал түйүлдүктүн кантип өнүп, өскөндүгүнөн, ага кандай шарттар түзүлгөндүгүнөн көз каранды боло тургандыгы жөнүндө», — деп жооп берген. Ошондуктан Бала айланасындагыларга үмүт артуу же ишенүүдө арасат жолдо калды. Баланын аң-сезиминде жакшы менен жаман, ыйман-абийир менен жүзү каралык, ынсапсыздык, тазалык менен ыпластык, аруулук менен азап бирге жашап, чыйралып, чыңалып, өнүгүп жүрүп отурат. Жаратылыш менен адамдын ортосундагы байланышты эне

менен баланын ортосундагы мээримге салыштырууга болот. Ар бир атуулдун алдында турган милдет — Мекенди сүйүү, жаратылышка аяр мамиле кылуу жана аны көздүн карегиндей сактоо.

Адамзаттагы балалык абийирдин «үрөөнү» болгон Бала өлдү. Бирок автор окурмандарга оптимисттик ой таштоо менен повестти жыйынтыктайт: «Бала жүрөгүң арамдык менен кыянатчылыкты кабыл албады, балык болом деп сүзүп кеткениңен мен ушуну билдим. Эми менин көңүл жубатарым да ушул. Бир жарк этип, жалп өчкөн чагылгандай жашап өттүң, Чагылганды Көк Теңир чагат. Көк түбөлүктүү. Менин көңүл жубатарым ушул. Дагы бир көңүл жубатарым: адамдагы балалык абийир дандагы түйүлдүк сыңары. Түйүлдүгү жок дан өспөйт. Бу дүйнөдө кандай күндү баштан кечирбейли, бирок адам туулуп-өлүп турары чын болсо, акыйкаттык түбөлүк жашары чын…».

«Мүйүздүү Бугу-Эне» жомогунун башында кыргыздар жашаган Энесай аймагы жана баскынчылык мезгил сүрөттөлөт. Бугу-Эне жөнүндөгү легенданы алалы. Бала бугулардын тарыхый жерине — токойго келишин сүйүнүп кабыл алат. Бугулардын келиши, биринчи кезекте, аларга тиешелүү экологиялык шарттын пайда болушуна, алардын ыңгайланышына мүмкүндүк түзүлгөндүгүнө байланыштуу. Биз адамдын жашоо тарыхын алып көрсөк, негизги өзөк адам менен жаратылыштын ортосундагы мамиле-катнашка байланыштуу экенин көрөбүз. Адам жаратылыштан алып, анын эсебинен жашайт.

Айтматовдун «Ак кеме» повести — кыргыз жана дүйнөлүк адабияттагы экологиялык дискурсту көркөм-философиялык деңгээлде терең иштеп чыккан чыгармалардын бири. Повесттеги мифология менен реалдуулуктун айкалышы аркылуу автор жаратылыш менен адамдын ортосундагы үзүлгүс байланыштын ыйыктыгын, руханий гармониянын маанисин жана аны жоготкон коомдун трагедиясын терең символика аркылуу ачып берет.

Чыңгыз Айтматовдун «Ак кеме» повести аркылуу жазуучу адам менен жаратылыштын ортосундагы руханий байланыштын терең философиялык маңызын ачып берет. Повесттеги мифтик аң-сезим экологиялык дүйнөтаанымдын негизги көркөм формасы катары колдонулуп, табияттын ыйыктыгын, адамдын руханий тазалыгын жана коомдун моралдык жоопкерчилигин чагылдырат. Бала образында жазуучу адамдагы табигый аруулукту, жаратылыш менен гармонияда жашоо идеясын чагылдырып, ошол эле учурда коомдук адеп-ахлактын бузулушун, руханий деградацияны трагедиялык формада көрсөтөт.

Миф менен реалдуулуктун айкалышы повесттин көркөм жана философиялык тереңдигин камсыз кылып, окурманды экологиялык жана нравалык жоопкерчилик тууралуу ой жүгүртүүгө жетелейт. Айтматов үчүн экология — жөн гана жаратылышты сактоо маселеси эмес, адамдын руханий дүйнөсүн тазалоо, абийирди сактоо маселеси. Ошентип, «Ак кеме» повести аркылуу Айтматов XXI кылым үчүн өзгөчө маанеге ээ болгон көйгөйдү — адам менен табияттын ортосундагы гармониянын бузулушун жана аны калыбына келтирүү зарылдыгын көркөм-философиялык деңгээлде көтөрөт. Анын мифтик-экологиялык концепциясы бүгүнкү күндө да актуалдуу болуп, адамзаттын руханий жана экологиялык аң-сезимин ойготууга кызмат кылат.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында экологиялык маселелер обочо каралбастан, адамзаттын социалдык жана нравалык жашоосунун аспектилери менен тыгыз байланышта берилет. Жазуучу адамды дүйнөдөгү өз орду, жаратылышка жана келечек муундарга болгон мамилеси тууралуу терең ой жүгүртүүгө чакырат. Айтматовдун чыгармачылыгы бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготпойт, анткени экологиялык көйгөйлөр глобалдык мүнөзгө ээ болууда.

Колдонулган адабияттар

1. Акматалиев А. Аалам, Адам жана Жаабарс. — Бишкек: Шам, 2006. — 80 б.
2. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: 8 томдук. — Бишкек: Бийиктик, 2008.
3. Борбугулов М. Адабият теориясы: окуу китеби. — Бишкек: Шам, 1996. — 552 б.
4. Кадырмамбетова А. Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы трагедиялуулук // Адабият жана искусство маселелери. — 2008. — № 3.

5. Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү: адабий макалалар. — 2-бас. — Бишкек: Турар, 2008.
6. Сыдыков Н. Айтматовдун пейзаждык сүрөттөөсү // Ленинчил жаш. — 1985. — 25-июнь.
7. Айтматов Ч. Необходимые уточнения // Литературная газета. — 1970. — 29 июля.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Сарыков С.Т.

УДК:37.372.8.
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-112-115

Жумаев Н.Ж.
Ош мамлекеттик университети
Жумаев Н. Ж.
Ошский государственный университет
Zhumaev N. Zh.
Osh State University

ORCID 0009-0007-4378-1723

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ЛЕКСИКАСЫН ОКУТУУ ТАРЫХЫНАН
ИЗ ИСТОРИИ ПРЕПОДАВАНИЯ ЛЕКСИКИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА
FROM THE HISTORY OF TEACHING KYRGYZ LANGUAGE VOCABULARY

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада кыргыз тилинин бөлүмдөрүнүн ичинен лексиканы окутуунун тарыхына жалпы сереп берилет. Анда лексиканын изилдениши тууралуу кыскача сөз болуп, андан ары аны окутууга арналган илимий-методикалык эмгектерге сарасеп салынат. Лексикалык материалдардын окуу программаларында орун алышы жана алардын мазмуну тууралуу да сөз болот. Тилдин аталган бөлүмүн окутуу боюнча методист-окумуштуулардын эмгектерине сереп берилет.

Аннотация: В данной статье представлен общий обзор истории преподавания лексики в методике кыргызского языка. Кратко рассматриваются вопросы изучения лексики, а также анализируются научно-методические труды, посвящённые её преподаванию. Рассматриваются вопросы включения лексического материала в учебные программы и его содержания. Представлен обзор трудов учёных-методистов, посвящённых преподаванию данного раздела языка.

Abstract: This article provides a general overview of the history of teaching vocabulary in Kyrgyz language methodology. It briefly discusses the study of vocabulary and analyzes scientific and methodological works devoted to its teaching. The inclusion of lexical material in curricula and its content are also considered. The works of scholars and methodologists devoted to teaching this section of the language are reviewed.

Негизги сөздөр: лексика; окутуу; изилдөө; методист-окумуштуулар; илимий-методикалык адабияттар; окуу программалары; окуу китептери.

Ключевые слова: лексика; преподавание; исследование; учёные-методисты; научно-методическая литература; учебные программы; учебники.

Keywords: vocabulary; teaching; research; methodologists; scientific and methodological literature; curricula; textbooks.

Киришүү. Кыргыз тилинин бөлүмдөрүн илимий-теориялык жактан изилдөө иши өткөн кылымдын 1930-жылдарында эле башталгандыгы баарыбызга белгилүү. Айрыкча кыргыз тилинин фонетика, морфология жана синтаксис бөлүмдөрү тилчи-окумуштуулар тарабынан ар тараптуу